УДК: 101.1:316
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-39-45

**Карасартова Ч.Ж.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК КООМДУ КОНСОЛИДАЦИЯЛООНУН РЕСУРСУ КАТАРЫ

**Аннотация:** Макалада барган сайын актуалдуу мүнөзгө ээ болуп жаткан, конституциялык эркиндиктерди, жарандардын укуктарын жана милдеттерин алардын укуктук жана социалдык корголушунун толук кепилдигин камсыз кыла турган, экономикалык жактан өнүккөн, цивилизациялуу мамлекетти түзүү үчүн абдан маанилүү болгон, азыркы шарттарда коомду бириктирүү менен байланыштуу болгон маселелер каралат. Ошого байланыштуу Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу маселесинин актуалдуулугу аныкталган. Макалада Жарандык иденттүүлүк, аны изилдөөгө болгон мамилелер, анын иденттүүлүктүн башка түрлөрүнөн айырмасы, социалдык консолидациядагы ролу, коомдогу функциялары, азыркы этапта Жарандык иденттүүлүктүн структурасы, калыптанышынын ролу, шарттары жана ички жана тышкы факторлору талданат. Автор билим берүү менен Жарандык иденттүүлүктүн өз ара байланышын, билим берүү процессиндеги жаштарды толеранттуулукка жана Мекенди сүйүүгө тарбиялоонун маанилүүлүгүн карайт.

**Негизги сөздөр:** Жарандык иденттүүлүк, социалдык иденттүүлүк, коом, ресурс, коомдун консолидациясы, ааламдашуу, патриотизм, идеология, маданий көп түрдүүлүк, баалуулуктар кризиси.

**Карасартова Ч.Ж.**
кандидат исторических наук, и.о.доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ГРАЖДАНСКАЯ ИДЕНТИЧНОСТЬ КАК РЕСУРС СОЦИАЛЬНОЙ КОНСОЛИДАЦИИ

**Аннотация:** В статье рассматриваются вопросы, связанные с консолидацией общества в современных условиях, приобретающие все более актуальный характер, имеющие важное значение для создания экономически развитого, цивилизованного государства, обеспечивающего полную гарантию правовой и социальной защиты конституционных свобод, прав и обязанностей граждан. В статье анализируется Гражданская идентичность, подходы к ее изучению, ее отличие от других типов идентичности, роль в социальной консолидации, функции в обществе, структура, роль формирования Гражданской идентичности на современном этапе, условия и внутренние и внешние факторы. Автор рассматривает взаимосвязь образования и гражданской идентичности, важность воспитания молодежи в образовательном процессе в духе толерантности и любви к Родине.

**Ключевые слова:** Гражданская идентичность, социальная идентичность, общество, ресурс, консолидация общества, глобализация, патриотизм, идеология, культурное разнообразие, кризис ценностей.

**Karasartova Ch.Zh.**
Candidate of Historical Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## CIVIC IDENTITY AS A RESOURCE OF SOCIAL CONSOLIDATION

**Annotation:** The article discusses issues related to the consolidation of society in modern conditions, which are becoming increasingly relevant and are important for the creation of an economically developed, civilized state that provides a full guarantee of legal and social protection of constitutional freedoms, rights and responsibilities of citizens. The article analyzes civil identity, approaches to its study, its difference from other types of identity, its role in social consolidation, functions in society, structure, the role of the formation of civil identity at the present stage, conditions and internal and external factors. The author examines the relationship between education and civic identity, the importance of educating young people in the educational process in the spirit of tolerance and love for the Motherland.

**Keywords:** civil identity, social identity, society, resource, consolidation of society, globalization, patriotism, ideology, cultural diversity, crisis of values.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында болуп жаткан коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык процесстер эгемендүү, экономикалык жактан өнүккөн, цивилизациялуу мамлекетти түзүү боюнча бир катар маанилүү жана сапаттуу жаңы милдеттерди ийгиликтүү чечүүнү талап кылат. Иш жүзүндө ал, конституциялык эркиндиктерди, жарандардын укуктарын жана милдеттерин алардын укуктук жана социалдык корголушунун толук кепилдиги менен камсыз кылынат.

Өз кезегинде, мындай маселелерди чечүү үчүн Кыргызстандын жарандарынын болуп жаткан окуялардын бардыгын терең түшүнүүсү, активдүү турмуштук позицияны кармануусу зарыл, ал эми мындай жарандарды коом менен мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн күнүмдүк иштерге тартуу абдан маанилүү. Бул болсо жарандарда патриоттуулук, Мекенге берилгендик жана аны коргоого жөндөмдүүлүк, эң башкысы – жарандык жоопкерчиликти жана бирдейликти калыптандыруу сыяктуу сапаттарды аларга сиңирүү зарылдыгын болжолдойт.

Ошого байланыштуу акыркы мезгилдерде «идентүүлүк», «Жарандык иденттүүлүк», «Кыргыз жараны» деген сыяктуу терминдер кеңири колдонулуп жатат. Анткени Жарандык иденттүүлүк инсандын жарандык коом менен кызыкчылыктарынын биримдигин бекитет, ошондой эле ага таасир этүүгө мүмкүндүк берет.

Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышынын шарттары жана факторлору сыяктуу маселелер, азыркы дүйнөдө бир нече себептерден улам актуалдуу болуп баратат, алсак: **биринчиден**, жарандык согуштарга айланып жаткан ар кандай типтеги чыр-чатактар менен коштолгон көп полярдуу дүйнөнүн ааламдашуу процесси менен шартталган. Ааламдашуу процесстери мамлекеттер менен маданияттардын ортосундагы чек араларды бүдөмүктөтүп, улуттук же жарандык иденттүүлүк үчүн жаңы чакырыктарды жаратып жатат. Мындай шарттарда Жжарандык

иденттүүлүктү бекемдөө коомдун маданий өзгөчөлүгүн жана туруктуулугун сактоонун маанилүү куралы болуп калды; **экинчиден,** коомдордогу этникалык жана маданий ар түрдүүлүккө алып келген, интеграциянын жана консолидациянын жаңы механизмдерин талап кылган миграциялык процесстер. Жарандык иденттүүлүк мигранттарды жана жергиликтүү калкты бирдиктүү бириктирүүчү фактор катары кызмат кыла алат; үчүнчүдөн, саясий поляризациянын деңгээлинин жогорулашы, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө социалдык чыр-чатактардын жана бөлүнүүлөрдүн күчөшүнө алып келет. Жарандык иденттүүлүк бул процесске каршы салмак катары кызмат кыла алат жана коомдук консенсуска көмөк көрсөтөт; **төртүнчүдөн,** маалыматтык технологиялардын өнүгүшү менен байланыштуу. Социалдык тармактар жана башка санариптик платформалар коомдук пикирди калыптандыруу жана манипуляциялоо үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Мындай шартта Жарандык иденттүүлүктү бекемдөө дезинформацияга жана радикалдашууга каршы маанилүү курал болуп бере алат; **бешинчиден,** постмодернизм жана салттуу баалуулуктардын кризиси менен да шартталган. Постмодерндик доорду мүнөздөгөн салттуу баалуулуктардын жана институттардын кризиси социалдык биримдиктин жаңы негиздерин талап кылат. Жарандык иденттүүлүк ушундай негиздердин бири болушу мүмкүн.

Белгилеп коючу жагдай, теориялык жактан алып караганда Жарандык иденттүүлүктү изилдөө социалдык иденттүүлүктү калыптандыруу процесстерин, социалдык интеграциянын жана дезинтеграциянын механизмдерин, ошондой эле бул процесстерде мамлекеттин жана жарандык коомдун ролун түшүнүүнү терендетүүгө мүмкүндүк берет. Ал эми практикалык жактан алып караганда, изилдөөнүн натыйжалары жарандык биримдикти жана социалдык туруктуулукту чыңдоого багытталган натыйжалуу мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн.

Демек, Жарандык иденттүүлүк темасы социалдык консолидациянын ресурсу катары гана актуалдуу болбостон, заманбап социалдык процесстерди түшүнүү жана социалдык өнүгүүнүн натыйжалуу стратегияларын иштеп чыгуу үчүн да өтө маанилүү.

Дегеле адамзат тарыхында коомду бириктирүү маселеси бардык мезгилдерде эле маанилүү болгондугун белгилеп коюшубуз абзел. Бирок, анын актуалдуулугу ар кайсы мезгилдерде ар кандай факторлор менен шартталып турган. Андактан Жарандык иденттүүлүк темасы мурдатан эле окумуштууларды кызыктырып келгендигин байкоого болот. Алсак, кайра жаралуу доорунун философу, агартуучу, жазуучу жана ойчул Жан-Жак Руссо жарандыктын заманбап түшүнүктөрүнүн негизин түзгөн социалдык келишим жана элдик эгемендик идеяларын иштеп чыккан. Ал эми англис философу, азыркы саясий философиянын, социалдык келишим теориясынын жана мамлекеттик эгемендик теориясынын негиздөөчүлөрүнүн бири Томас Гоббс болсо мамлекеттик түзүлүш маселесин жана андагы жарандардын ролун изилдеген. Ошондой эле жалпыга белгилүү немец философу Иммануил Кант Жарандык иденттүүлүктү түшүнүү менен түздөн-түз байланыштуу болгон инсандын адеп-ахлагы жана автономиясы жөнүндө идеяларды иштеп чыгып сунуштаган.

Кийинчерээк британиялык белгилүү саясат таануучу жана социолог Бенедикт Андерсон өзүнүн «Воображаемые сообщества» – деген аталыштагы эмгегинде улуттук жана Жарандык иденттүүлүктүн калыптануу процесстерин түшүндүрүүгө аракет жасаган. Ал эми британиялык тарыхчы Эрик Хобсбаум өзүнүн эмгектеринде улутка таандык болуу сезимин калыптандыруучу улуттук каада-салттарды жана символдорду түзүү процесстерин изилдеген. Канадалык маданият таануучу, философ Маршалл Маклухан болсо ааламдашуу

шартында жамааттык иденттүүлүктү калыптандырууда жана аны өзгөртүүдө медианын ролун караган.

Орус авторлорунун ичинен, азыркы орус коомундагы улуттук жана Жарандык иденттүүлүк маселелерин изилдеген А. М. Кондаковду, бала кездеги социалдашуу жана иденттүүлүктүн калыптануу процесстерин изилдөө менен алектенген Т. В. Водолажскаяны, Жарандык иденттүүлүктү изилдөөдөгү теориялык ыкмалар менен аны калыптандыруучу факторлорду терең изилдеген Д. В. Монастырскийди ж.б. атоого болот.

Мисалы, педагог Д. В. Монастырский Жарандык иденттүүлүктүн ар кандай аспектилерине басым жасайт: индивид тарабынан жана жамаат тарабынан. Окумуштуунун пикири боюнча, Жарандык иденттүүлүк, инсандын кызыкчылыктарынын жарандык коомчулук менен биримдигин бекемдейт, ошондой эле жарандык коомчулукка таасир этүүгө мүмкүндүк берет.

Д.В. Монастырскийдин ырастоосуна ылайык Жарандык иденттүүлүктүн структурасы төмөнкү структуралык компоненттердин калыптанышын болжолдойт: когнитивдик (когнитивдик), эмоционалдык-баалоочу (коннотативдик), баалуулук-багыттоочу (аксиологиялык), жүрүм-турумдук [1].

Белгилүү америкалык психолог «иденттүүлүк кризиси» термининин автору Э.Эриксон иденттүүлүктү социалдык-маданий негизи бар өзүн-өзү аныктоо катары түшүнгөн жана иденттүүлүк идеологияга байланыштуу деген жыйынтыкка келген [2].

Советтик жана орус тарыхчысы, этнолог, В.А. Тишков Жарандык иденттүүлүк жөнүндө кээ бир учурларда мамлекетке берилгендик катары жазса, кээ бирлеринде «тилектештик жана күнүмдүк берилгендик, бир элге таандык болуу сезими жана мамлекетти өзүнүкү катары таануу» деп жазат. Башкача айтканда, аныктама мамлекетти эле эмес, коомчулукту – элди камтыйт [3].

Жарандык иденттүүлүктүн интегралдык көрсөткүчү болуп Мекендин образы саналат, анда жарандык коомчулуктун жашоосу менен байланышкан бардык нерселер топтолгон жана жалпыланган. Жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда ар бир адам өзүн белгилүү бир аймакта эң маанилүү субъект болгон мамлекет менен аныктайт. Мындай учурда, мамлекет менен жарандык коомдун ортосунда карама-каршылыктар болушу мүмкүн [4].

Жогорудагы маалыматтардан Жарандык иденттүүлүктү изилдөө көп тармактуу жана ар кандай багыттагы илимпоздордун көңүлүн бургандыгын көрүүгө болот. Жарандык иденттүүлүк – коомдун биригүүсүнүн, коомдук күчтөрдүн тилектештигинин көрсөткүчү, мамлекеттин бүтүндүгүнүн белгилүү бир шарты. Ошондуктан, аны изилдөөгө болгон кызыгуу азайбайт. Аталган теманын дайыма актуалдуу боюнча калуусунун бирден бир себеби, коом өзгөргөн сайын Жарандык иденттүүлүктүн айланасында жаңы факторлордун, маселелердин пайда болуп тураары шексиз.

Азыркы мезгилдин шартына ылайык заманбап изилдөөлөрдө көбүнчө төмөнкүдөй темаларга басым жасалып жаткандыгын байкадык: «Ааламдашуу жана анын улуттук иденттүүлүккө тийгизген таасири», «Мультикультурализм жана анын бирдиктүү жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу чакырыктары », «Жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда билим берүүнүн ролу», «Саясий процесстердин жарандык иденттүүлүккө тийгизген таасири» ж.б.у.с.

Жарандык иденттүүлүк – бул адамдын белгилүү бир саясий жалпылыкка, улутка же мамлекетке таандык экендигин түшүнүүсүн чагылдырган көп кырдуу түшүнүк. Ал жалпы баалуулуктарга, тарыхый эс тутумга, маданий нормаларга жана саясий ишенимдерге

негизделет. Ааламдашуу жана заманбап дүйнөнүн татаалдыгы өсүп жаткан шартта, Жарандык иденттүүлүк социалдык туруктуулуктун жана өнүгүүнүн негизги факторлорунун бири катары кызмат кылат.

Жарандык иденттүүлүк иденттүүлүктүн башка түрлөрүнөн (этникалык, диний) кескин айырмаланып турат, анткени ал саясатка катышууга жана мамлекетке берилгендикке негизделген. Ал өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

– *Таандык болуу сезими:* үй-бүлөгө же этникалык топко таандык болуудан сырткары кеңири коомчулуктун бир бөлүгү болуу.

– *Жалпы баалуулуктарды кабыл алуу:* мамлекетти куруунунун жана өнүктүрүүнүн негизги принциптери менен макул болуу.

– *Коомдук турмушка катышууга даярдыгы:* саясий процесстерге, волонтердук ишмердүүлүккө жана жарандык катышуунун башка формаларына активдүү катышуу.

– *Мамлекетке берилгендиги:* мамлекеттик институттардын легитимдүүлүгүн таануу жана мыйзамдарга баш ийүүгө даяр болуу.

Жарандык иденттүүлүк социалдык консолидацияда маанилүү ролду ойнойт, анткени ал социалдык, этникалык жана диний айырмачылыктарды жеңип, биримдиктин негизин түзөт, башкача айтканда, адамдарды бириктирет; адамдардын ортосундагы ишенимди, кызматташтыкты жана өз ара жардамдашууну өнүктүрөт, ошонун негизинде социалдык капиталды бекемдейт; мамлекеттик институттарга болгон ишеним деңгээлин жогорулатат жана саясий системанын туруктуулугуна, тагыраак айтканда бийликти мыйзамдаштырат; жарандардын активдүүлүгүн кубаттайт жана жарандык коомду өнүктүүгө шарт түзөт, башкача айтканда, жарандарды коомдук турмушка катышууга түрткү берет; ошондой эле, мамлекетти тышкы коркунучтардан коргоп, тышкы чакырыктарга жана коркунучтарга каршы коомду бириктирет.

Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышына ички жана тышкы көптөгөн факторлор таасир этет. Алар бири-бири менен өз ара аракеттенип, жеке жана жамааттык өз тагдырын өзү аныктоонун татаал картинасын түзүшөт.

Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышына таасир этүүчү негизги факторлорго токтолсок, анда алардын катарына төмөнкүлөрдү атоого болот:

- Революциялар, согуштар, экономикалык кризистер, миграциялар сыяктуу тарыхый окуялар жана процесстер. Мындай окуялардын бардыгы жамааттык эс-тутумда терең из калтырып, мамлекет жана улут тууралуу белгилүү бир ойлорду калыптандырат.
- Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышына бийликтин түрү, саясий режими, демократиянын деңгээли, жарандардын саясий турмушка катышуусу сыяктуу коомдук-саясий система олуттуу таасир этет.
- Тил, дин, үрп-адат, каада-салт, улуттук баатырлар – мунун баары улуттун маданий кодун түзөт жана жарандардын өзүн-өзү аңдоосун аныктайт, башкача айтканда тарыхый эстутумду жана салттарды сактоо өз улутуна таандык болуу сезимин чыңдоого жардам берет.
- Билим берүү системасы тарых, маданият, мамлекеттик түзүлүш жөнүндө билим берүү менен жарандык баалуулуктарды сиңирүү аркылуу жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда негизги ролду ойнойт.
- Үй-бүлө жана жакынкы чөйрө социалдаштыруунун негизги агенттери болуп саналат жана баланын дүйнө таанымы менен баалуулуктарын калыптандырууга күчтүү таасир этет, анткени үй-бүлө инсандыктын пайдубалын түптөгөн биринчи социалдык институт.

- Массалык маалымат каражаттары коомдук пикирди калыптандырат жана жарандык иденттүүлүктү бекемдей турган же буза баалуулуктарды жана идеалдарды жайылтат.
- Ааламдашуу жана миграция процесстери ар кандай маданияттардын өз ара аракеттенүүсүнө алып келет жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу үчүн жаңы чакырыктарды жаратат.
- Экономикалык шарттар, тактап айтканда жарандардын жашоо деңгээли, социалдык адилеттүүлүк, экономикалык мүмкүнчүлүктөр мамлекетке таандык болуу сезимине жана жарандардын канааттануу деңгээлине таасир этет.

Бул макалабызда жогоруда аталган факторлордун ичинен билим берүү системасына азын оолак токтолобуз. Анткени ал Мекенди сүйүү, толеранттуулук сыяктуу жарандык баалуулуктарды сиңирүү аркылуу жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда негизги ролду ойнойт.

Бул тууралуу педагогика илимдеринин доктору, профессор Россия Федерациясынын Жогорку мектебинин эмгек сиңирген кызматкери Л.В.Байбородова мындай дейт: «Жаранды жана өлкөнүн патриотун тарбиялоону аныктоочу интегративдик сапат болуп **Жарандык иденттүүлүк** саналат, ал инсандын жалпы маданий негизде белгилүү бир мамлекеттин жарандарынын жамаатына таандык экендигин аңдап билүүсү менен мүнөздөлөт. Жарандык иденттүүлүк жарандыкка окшош эмес, социалдык жана жаратылыш дүйнөсүнө бирдиктүү жана баалуулукка негизделген мамилени аныктаган жеке мааниге ээ. Ушуга байланыштуу, инсан башкалардын өз тандоосун жасоо укуктарын урматтоо шарттарында эркин тандоо жана өзүн өзү аныктоо укугуна ээ» [5]. «Ар бир өлкөдө билим берүүнүн приоритеттүү милдети – бул өз Мекенинин жаранын, жаштарды жарандык коомдун баалуулуктарын түшүнүү жана кабыл алуу рухунда тарбиялоо, тарыхый-маданий мурастарды сыйлаган, руханий баалуулуктарга жана элдик маданияттын башаттарына аралашкан, жарандык милдеттерди аткарууга даяр, өз өлкөсүнүн, шаарынын, айылынын, өз үй-бүлөсүнүн бакубаттуулугу үчүн жооптуу адамды калыптандыруу. Жаш адам патриоттук сезимге, конструктивдүү, жаратман коомдук жүрүм-турумга ээ болушу керек» [6].

Демек, Жарандык иденттүүлүктү жаш муундарда калыптандыруу маселесине педагогикалык билим берүү жаатындагы окуу жайларда өзгөчө көңүл бурулуусу азыркы мезгилдин артыкчылыктуу маселелеринен болуп саналат. Ошондой эле учурдун талабына ылайык, «келечектеги мугалимден элдин улуттук, тарыхый, маданий салттарын жана үрп-адаттарын ар тараптуу билүү талап кылынат» [7].

*Жарандык иденттүүлүктү бекемдөө үчүн төмөнкүлөр керек:*

- Жарандык билим берүүнү өнүктүрүү, тактап айтканда билим берүү программаларына жарандык иденттүүлүктү жана патриотизмди калыптандырууга багытталган курстарды киргизүү.
- Маданияттар аралык диалогду колдоого багытталган ар кандай маданияттардын жана улуттардын ортосунда баарлашуу үчүн шарттарды түзүү.
- Жарандык коом институттарын чыңдоо, башкача айтканда жарандардын коомдук турмушка катышуусун жеңилдеткен коомдук уюмдардын өнүгүшүн колдоо.
- Социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылуу. Анткени социалдык теңсиздик жана дискриминация менен күрөшүү социалдык биримдик сезимин бекемдейт.

- Толеранттуулуктун жана ар түрдүүлүктү урматтоонун баалуулуктарын жайылтуу максатында ар кандай маданияттар менен диндердин өкүлдөрүнүн ортосунда диалогго жана кызматташууга үндөө.

Жыйынтыктап айтканда Жарандык иденттүүлүк социалдык консолидация үчүн маанилүү ресурс болуп саналат. Аны бекемдөө мамлекеттин, жарандык коомдун жана ар бир адамдын биргелешкен аракетин талап кылат. Ааламдашуу жана заманбап дүйнөнүн татаалдыгы өсүп жаткан шартта, жарандык иденттүүлүк ар кандай коомдун туруктуулугунун жана өнүгүүсүнүн негизги факторлорунун бири бойдон калууда.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Монастырский, Д. В. Гражданская идентичность: теоретические подходы к исследованию и формирующие ее факторы / Д. В. Монастырский // Гуманитарий Юга России. – 2017. – № 1. – С. 181–188.
2. Эриксон, Э. Идентичность: юность и кризис / Э. Эриксон. – М. : Издательская группа «Прогресс», 1996. – 344 с.
3. Тишков, В. А. Российский народ. История и смысл национального самосознания / В. А. Тишков. – М. : Наука, 2013. – 649 с.
4. Зазнаев, О. И. Национально-государственная идентичность: зарубежный опыт и Россия // Политическая идентичность и политика идентичности: очерки / под ред. О. И. Зазнаева. – Казань, 2011. – С. 6–28.
5. Байбородова, Л.В. Воспитание гражданской идентичности сельских школьников: опыт региональной инновационной площадки: учебно-методическое пособие / под ред. Л.В. Байбородовой, А.В. Репиной. Ярославль: Департамент образования Ярославской области, 2013. – С. 268.
6. Байбородова, Л.В. Воспитание гражданской идентичности сельских школьников в условияз дополнительного образования, Вестник КГУ им. И.Арабаева, №1, 2022, – С.68.
7. Сарканбаева, Г.К. Сущность и содержание этнопедагогической подготовки будущих учителей. Вестник КГУ им. И. Арабаева, №1, 2023, – С.267.

**Рецензент: тарых илимдеринин доктору, профессор Курбанова Н.У.**